# Кызыл-Тоо №9 орто мектебинин тарыхы.

Совет бийлиги жаңыдан орногондон баштап өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүү максатында коллективдештирүү саясаты жүрө баштаган. Бул максатка жетүү үчүн элди бир жерге топтоштуруп, элдин сабатсыздыгын жоюу маселеси турган.

Мына ошол сабатсыздыкты жоюу саясатынын негизинде эң алгач биздин айылга Ак-Жар айылынан Кулуев Мамат деген киши келип, азыркы Шахты айылындагы Телтерек мазарынын түзөң жериндеги кара уруусунун кыштоосунда жайгашкан Максүт бийдин уулу Сулаймандын үйүн мектеп кылып уюштурган. Сулаймандын Бурал, Касиет деген эки кызы болгон. Менден уул болбогон соң эл керегине жараган үй болсун деп, алгач үйүн намазканага берген экен, андан кийин мектеп болуптур. Окутуу латын алфавитинде 1942-жылга чейин жүргүзүлгөн. Окуу жабдыктары болгон эмес. Окуучулар дептер жоктугунан эски китептердин барактарына сыя менен жазышкан. Мектеп алыс болгондуктан балдарды топтоштуруп окутуу бир кыйла кыйынчылыкты туудурган. Мына ошондон элди ыңгайлуу жерге көчүрүп келүү милдети турган.

1936-жылы ушул эле жерге кайрадан тогуз бөлмөлүү мектеп курулган.

Айыл Сталин болуп аталгандан улам мектептин аты да **"Сталин"** атындагы мектеп аталыптыр. Сталин жети жылдык мектеп тууралуу так маалымат болбогон. "Сталин" атындагы жети жылдык мектебинде алгачкылардан болуп Жусупов Шергазы, Эралиев Нурдин, Капаров Туткабай, Кыдыкеев Жусупбай сыяктуу аталарыбыз мугалим болуп, элдин сабатын жоюуга активдүү катышыптыр.

1942-жылдан баштап окутуу кыргыз алфавитинде жүргүзүлгөн. Элди бир жерге топтоштуруп, коллективдүү чарба уюштуруу максатында Кош-Булак, Кайнаалы, Доңуз-Тоо, Телтерек жана башка жерлерде жашаган элди азыркы Кызыл-тоо айылына топтоп, элди отурукташтыруу милдетин Капаров Туткабай, Исаев Ашим, Эралиев Нурдин жана башкалар жетекчиликти колго алышып, айылды түптөшкөн. Ошондогу айыл активдери менен биргеликте Туткабай агай метри жок, колуна таякты алып, көз болжол менен Кызыл-Тоонун бүгүнкү күндөгү түзүлүшү түзүлгөн.

Айыл уюшулгандан кийин азыркы мектептин ордунда арабча кат сабаты бар Молдоысанын уулу Калы жашаган экен. Өзү сабаттуу болгондуктан өзүнүн жашаган үйүнүн жанына мектеп курдурууга макул болуп, алгачкы төрт жылдык мектеп уюшулган экен. Беш бөлмөлүү үстү камыштан басылган мектеп болгон.

1947-жылдан жалпы сабатсыздыкты жоюу максатында үймө-үй кыдырып окутушкан. Аларга өз айылынан жети жылдык билим алып, кайра өзү окуган мектепке мугалим болгон Калыгулов Качкымбай, Карабек кызы Жибек, Сулайманова Бурал, Умаркулов Ибраим, Жуманазаров Жамалдин, Раимкулов Матай, Масиркулова Шаани, Молдоысаков Акматбек сыяктуу ата-энелерибизди айтпай кетүүгө болбойт. Сталин атындагы мектеп орто мектеп болгондуктан Кара-Кулжадан, Ак-Жардан, Ак-Теректен, Семиз-Көлдөн, Көлдүктөн окуучулар келип билим алышкан.

Сталин атындагы мектепке сырттан, түндүктөн келген орус улутундагы мугалимдер да болгон. Чүй областынан 1955-жылы Самидинов Кубат агай келип мектеп директору

болуп эмгектенген. Ошондой эле Вера Сергеевна орус тилинен, Нина Петровна чет тилинен сабак беришкен. Максим Петрович Мамырбаев химик, Абиянов, Сибгатулин, Н. Гаврилов деген мугалимдер келип окуучуларга билим беришкен.

1960-жылдары сырттан алыстан келген мугалимдер үчүн квартира курулган. Кийин окуучулардын саны көбөйүп батпай калганда ошол квартиранын эки бөлмөсүнө окуучулар да барып окушкан.

1962-жылдан баштап Сталин атындагы орто мектептин аты өзгөрүп, Кызыл-Тоо орто мектеби деп аталып калган.

1965-жылдары мугалимдер үчүн салынган квартира интернат болуп уюшулган. Алыстан келген окуучулар барыпкелип окушкандан кыйналышкан. Ошол интернатта жатып окушкан. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында узартылган күндүн группасы да түзүлгөн.

1966-1967- окуу жылдарында мурдагы жети жылдык билим алган элди толук орто билимдүү болсун деген максатта ушул эле Кызыл-Тоо орто мектебинин алдында "Кечки мектеп" уюштурулган. Ал мектепти Оморов Мырзабай жетектеп турган.

1968-төрт бөлмөдөн турган кошумча мектеп курулган. Мектептин материалдык базасы жылдан- жылга чыңалып, талапка ылайык предметтик кааналар түзүлдү. Төмөндөгү иштеп, билим тармагына өз салымдарын кошуп кеткен мектеп жетекчилерин айтып кетпесек болбойт.

Кызыл-Тоо орто мектебин 1960-жылдарда Көлдүк айылынан келген Камчыбеков Кубат жетектеп турган.

1964-1966-жылдары ушул эле айылда төрөлүп, ушул эле айылда окуп билим алган, билимин жогорулатып келген Нурдинова Майрам эже мектепти жетектеп келген.

1966-жылы Мусаев Токтор агай жетекчи болуп иштеген. 1977-жылга чейин биология мугалими болуп да иштеп, пенсияга чыккан.

Уларова Ширин 1966-жылдан 1975-жылга чейин мектеп директору болуп эмгектенген.

1975-1976-жж. Кадыров Сейитбек

1976-1979-жж Нурдинов Базан

1980-1985-жж. Абдыкадыров Осмон

1985-1986-жж. Капарова Разия эжеке мектеп мугалими болуп иштеген. Ушул эжеке жетекчи болуп иштеп жүргөндө 1986-жылы айыл арасына дагы төрт жылдык мектеп курулган. Анткени мурдагыдан да окуучулардын саны көбөйгөн.

1987-1989-жж. Кадырбеков Канболот

1990-2004-жж. Жоробаев Токтосун

2004-2006-жж. Эрмекбаева Эркебү

2006-2016-жж. Матмусаев Турусбек мектеп директору болуп иштешкен.

Ушул жылдардын ичинде мектеп канчалаган окуучуларды уясынан учурду. Азыр алар эл чарбасынын түрдүү тармактарында иштеп жатышат жана эл керегине жарап келишет. Айтып кетсек алардын ичинен математика илимдеринин доктору, Жусупбаев Амангелди, математика илимдеринин доктору, профессор Ашырбаева Айжаркын, математика илимдеринин доктору Болотбаев Керимбек жана кыргыз тили илиминин кандидаты Кушбакова Гулнара жана башкалар.

Ошондой эле мамлекеттик жетекчилик кызматтарда иштеп келе жатышкан мектептин бүтүрүүчүлөрү да бар. Борбордук шайлоо коммиссиясынын мүчөсү Ашымов Нурмамат, Жогорку Кеңештин депутаты Муратов Тимур эл үчүн эмгектенип келе жатышат.

Дагы айта кете турган нерсе Кызыл-Тоо орто мектебинин бүтүрүүчүлөрүнөн спорттун чеберлерине талапкер чыгышкан. Аларга жеңил атлетика боюнча чебер Эшимбетов Эртабылды, кикбоксинг боюнча спорттун чебери Акматов Айбек, бокс боюнча спорттун чебери эл аралык машыктыруучу Сулайманкулов Төлөнбай сыяктуу чыгаан уулдарыбыз менен да сыймыктанып келебиз.

Бүгүнкү күндө мектеп имараты эки бөлүктөн турат. Негизги бөлүк 2000-жылы 422 окуучулук орунга эсептелип, демөөрчүлөрдүн, ата-энелердин колдоосу менен “Ашар” ыкмасында курулуп пайдаланууга берилген. Бул бөлүктө 11 класстык бөлмө жана бир усулдук каана жайгашкан.

Экинчи бөлүк 2008-жылы курулуп, 8 класстык бөлмөдөн турат. Бир класс интерактивдүү доска, эки класс санариптик сыналгы менен камсыздалган. Мектеп мугалимдери заманбап техникалык каражаттар менен сабак өтүшөт.

Мектеп окуучулар үчүн спорт зал курулуп, 2016-жылдын январь айынан баштап иштеп келе жатат.

1-4-класстар үчүн шашке тамак берилүүчү ашкана бар. Ашкана “АРИС” проектиси менен мектеп мугалимдери жана айылдык жамааттын салымы кошулуп 2008-жылы курулуп, ишке киргизилген, 50 орундуу.

Мектеп 952 окуучу окуйт, 58 мугалим эмгектенишет.

2016-жылдан бери Айнур Бакирова мектепти жетектеп келет.

Мектеп мугалимдери окуучуларга татыктуу тарбия, сапаттуу билим берүүгө бардык аракеттерин жасоодо.